
# Өнүгүү модели




Жогоруда тартылган сүрөттү мен Массачусеттс Университетинде жактаган диссертациямда колдонгом. Алгач интернетте жарык көргөн бул идея "Улуттук Тазалык Системасы" деп аталган. Ошол идеяны мен жалпы коомчулукка жеткирип коюуну туура таптым.

Сүрөттү карасаңыз бул Бишкектеги опера балет сарайын элестетет: чатыры, түркүктөрү жана фундаменти бар. Бул сарайдын деталдарынын ар бири чоң маани-маңызга ээ. Мисалы, ак сарайдын  чатыры – улут чынчылдыгын жана тазалыгын символдойт. Ал эми чатырды тиреп турган түркүктөр: сот бийлиги, парламент, омбудсмен, эркин массмедиа, жарандык коом жана башкалар. Эгерде ушул түркүктөрдүн бирөө эле ордунан  кылт этсе анда ак сарайдын эң үстүндө копол турган үч тегерек да томолонуп кеткени турат. Ал үч тегерек мамлекеттин туруктуу өнүгүүсү, коомдогу мыйзамдын өкүмчүлдүгү жана жашоо-турмуштун сапаттуулугу. Бүткүл имарат мына ошол үчөөнү былк этпей кармап тургандай курулушу керек, б.а. ар бир мамлекеттин, улуттун жана жалпы элдин  өркүндөөсү үчүн, ошол мамлекетте туруктуу өсүү орун алып, мыйзам өкүм сүрүп, жашоо-тиричилик жакшырышы үчүн жакшы мыйзамдардын иштеши, кара кылды как жарган сот бийлиги, сөз эркиндиги, мамлекетти көзөмөлгө алып турган уюмдар (вочдог агентсволору), күчтүү жарандык коом жана башка түркүктөрдүн кебелбей турушу зарыл.

Эми бул имараттын ылдый жагын карасак, ал эки кубаттуу пайдубалга курулганын көрөбүз. Бүтүндөй бул аксарай ошол пайдубалсыз кулап калары мыйзам ченемдүү. Ал пайдубалдар элдин кабардарлыгы (кызыкдарлыгы, аң-сезимдүүлүгү) жана коомдун баалуулуктары. Элдин коомдо болуп аткан нерселерге карата аң-сезими жогору, коомдук баалуулуктар күчтүү болсо, анда бул эки кабат пайдубал түркүктөрдү бекем кармап тура алат. Ал эми эгер, тескерисинче, коом кайдыгер, кабарсыз болсо, же коомдун баалуулуктары алсыз, кубулма, жасалма болсо, анда бул пайдубалдар борпоңдоп, түркүктөрдү көтөрө албай, бүт имарат кулап түшөт.

Чынында, түркүктөр бири-биринен көз каранды. Ошондой болсо да алардын ар биринин чымырдыгы ар башкача болушу мүмкүн. Эгерде түркүктөрдүн бирөөсү алсызданса, башка түркүктөр көбүрөөк жүк көтөрүп бериши керек. А бирок түркүктөрдүн бир нечеси бошоңдоп кетсе, анда сөзсүз чатыр кыйшайып, анын үстүндөгү туруктуу өсүүнү, закондун өкүмдарлыгын жана турмуш сапатын туюнткан тегеректер кулап кетет да имараттын таш талканы чыгат. Ошондуктан коомдун тазалыгын, чынчылдыгын баланста кармап турган күчтүү түркүктөрү болуу керек. Ошол түркүктөр коомдун бийик аң-сезимдүүлүгүнө, күчтүү баалуулуктарына таянганда гана солк этпейт.

Акырында бул илимий макаламда колдонулган терминдерге бир аз түшүндүрмө бере кетейин. Мыйзамдын өкүмдардыгы деп, ар бир атуулдун, чоң-кичине дебей, мыйзам алдында бирдейлигин камсыз кылган абалды түшүнүңүз. Вочдог агенттери деп, өкмөттүн, бийликтин жана атуулдардын аракеттерине көз салган уюмдарды билиңиз. Жашоо сапаты деген сөз жарандардын бакыбаттыгы, азыркы технологиянын жана техниканын жетишкендиктеринен пайдалануу мүмкүнчүлүгү, таза суу, газ, электр энергиясы, ар түрдүү информацияга ачыктык, транспорт, медицина сыяктуу кызматтардан кеңири пайдалануусу жана башка турмуш тиричилигиндеги керектүү нерселердин молдук деңгээлин туюнтат. Улуттун чынчылдыгы деп, коом менен жетекчилердин, каада-салт менен традициялардын, жана башка ушул сыяктуу ар кандай компоненттердин жалпы суммасынын коррупия сыяктуу терс көрүнүштөрдөн тазалыгынын денгээлин атадым. Ал эми коомдун баалуулуктары деген түшүнүк – бул жалпы элдин сыйлаган сапаттары, моралдык-этикалык нормалары, жашоодон күткөн, умтулган максаттары жана жакшы, асыл деп эсептеген ой-тилектери.

Аскарбек Мамбеталиев, Эксперт по международному образованию.
Тел. 0502-692347, Email:askarbek@gmail.com, Website: http://ish.host.net.kg